DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Ташкулова Ш.Б.*

## КЫЛЫМДАРДЫ КАРЫТКАН КЫРГЫЗ САЙМАСЫ (философиялык анализ)

*Ташкулова Ш.Б.*

## ДРЕВНЯЯ КЫРГЫЗСКАЯ ВЫШИВКА (философский анализ)

*Sh. Tashkulova*

## KYRGYZ EMBROIDERI THROUGH THE CENTURIES (philosophical analysis)

*УДК: 391.687*

*Бул макалада көркөмү көз жоосун алган өнөрлөрүбүздүн бири кыргыз саймасы иликтенди. Сайманын тарыхы тээ саймалуу таштардан башталып, өзгөчө өнөргө айланып, кыргыз элинин жашоо турмушун, табиятын, инсандык ички сезимдери менен бирге терең философияны өз ичине камтып келе жатканы далилденди. Изилдөөнүн максаты улуттук баалуулуктарыбызды сактап келе жаткан улуу муундун өкүлдөрү менен келечек муунду бириктирүү аркылуу улуу мурастардын жайы-луусуна салым кошуу. Салттуу билимдерибиз адамды анын ичинде өзгөчө аялзатын сабырдуулукка, чыгармачылыкка тарбиялаганын көрүүгө болот. Акыркы учурдагы илимпоздордун изилдөөсү боюнча колдун манжарынын учунда түрдүү нерв клеткалары жайгашканын, манжалалардын кыймылда болуусу ден-соолукка таасир этип, жашоодо активдүү болоору аныкташкан, кыргыз эли ал ыкманы эчен кылым мурда күнүмдүк жашоосунда колдонгон буюмдарды, кийимдерди чыгармачылык менен коосдоп жасоодо колдонуп келгени тастыкталды. Изилдөөнүн методу болуп салттуу билимдер жөнүндө оозеки маалымат алуу жана буюмдардын үлгүсүн жасап көрсөтүү. Макаладагы материалдар жогорку окуу жайлардын студенттерине жана чыгармачыл инсандарга, мектеп окуучуларына пайдаланууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *улуттук баалуулук, чыгармачылык, өнөр ааламы, сайма саюу, оймо-чиймелер, аймактык өзгөчөлүк, мурастар, табият мыйзамдары, салт.*

*В данной статье исследована кыргызская вышивка как одно из самых красивых видов прикладного искусства кыргызов. Было доказано, что история вышивки началась с петроглифов на камнях Саймалуу-Таш и превратилась в особое искусство, содержащее в себе глубокую философию наряду с жизнью, природой, личными внутренними переживаниями кыргызского народа. Цель исследования – способствовать распространению великого наследия, соединяя представителей старшего поколения как носителей наших национальных ценностей с будущим молодым поколением. Очевидно, что наши традиционные знания воспитали в людях, особенно в женщинах, терпение и творчество. По исследованиям современных ученых на кончиках пальцев находятся разные нервные клетки, а движение пальцев влияет на здоровье человека и делает активными в жизни. Кыргызы воспользовались этим методом испокон веку в творческом украшении повседневных вещей и одежд. Метод исследования заключается в получении устных сведений о традиционных знаниях и изготовлении образцов продукции. Материалы статьи рекомендуются для использования студентами высших учебных заведений и творческими людьми, школьниками.*

***Ключевые слова:*** *национальная ценность, творчество, мир искусства, вышивка, узоры, региональные особенности, наследие, законы природы, традиция.*

*This article researches Kyrgyz embroidery as one of the most beautiful types of applied art of the Kyrgyz. It was proved that the history of embroidery began with petroglyphs on the stones of Saimaluu-Tash and turned into a special art that contains a deep philosophy along with life, nature, personal inner feelings of the Kyrgyz people. The purpose of the study is to promote the spread of the great heritage by connecting the representatives of the older generation as bearers of our national values with the future younger generation. Obviously, our traditional knowledge has nurtured patience and creativity in people, especially women. According to the research of modern scientists, there are different nerve cells at the fingertips, and the movement of the fingers affects a person's health and makes them active in life. The Kyrgyz have used this method from ancient times in the creative decoration of everyday-life things and clothes. The research method is to obtain oral information about traditional knowledge and the production of things' samples. The materials of the article are recommended for use by students of higher educational institutions and creative people, students of schools.*

***Key words:*** *national value, creativity, art world, embroidery, patterns, regional features heritage, laws of nature, tradition.*

Кыргыз саймасынын бир бөтөнчөлүгү - анын бышыктыгы жана сапаттуулугунда. Сайма саюу өнөрү адамзатынын байыркы мезгилинен башталат десек болот. Биринчи турмуштук керектөөдөн (жетишпегендиктен) улам болсо кийинчерээк ал өнөрлөр чыгармачылыктын туу чокусун багындырууга жетишип, бүгүнкү күнү кол жеткистей туюлган улуу мурастарга айланган. Улуутук баалуулуктар жөн гана буюм катары эмес өзүнө көптөгөн философиялык маанилерди камтыганы керемет. Биздин он жылдан ашык убакытта салттуу билимдерди изилдөө мезгилинде эл ичинен эчен улуу чеберчилигине сөз жеткис эмгектерди кезиктирдик. Сакталган мурастардын таасири жана уз апаларыбыздын үйрөтүүсү менен бир топ эмгектерди (сайманын түрлөрүн, салттуу кийимдерди) эски ыкмада жаратып жатабыз. Жыйынтыгында устат-шакирт программасын колдонуп, мектеп окуучулары менен салттуу билимдерди үйрөтүү боюнча тыгыз иштешип жатабыз. Ушул программаны улантып Ош шаарында да кызыккан жаштарга, кыз-келиндерге сайма саюу өнөрү “кеп такыя” жана “дүрүя жоолук” даярдоо боюнча этно курс баштадык. Коомдо өнөр үйрөнүүгө аялзатында кызыгуу күч экенин байкадык. Жасалуучу жумуштар арбын ал үчүн бизге улуу муундун өкүлдөрү менен жаштар биргелешип иш алып баруубуз керек. Музейлерде сакталган мурастарды көргөндө дагы алдыда жасалуучу иштер, өнөрлөрдүн

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



кайрадан жандануусу үчүн кам көрүү керек экенин түшүнөбүз.

*Сайма саюу аялдардын чыгармачылыгынын бир тармагы болуп эсептелет. Үй тирчилигинде колдонулуучу көптөгөн сайма сайылган буюмдар эненин кызы үчүн аздектеп даярдаган себинин негизи болуп келген. Сайма саюуда түрдүү көркөм каражаттар колдонулуп келет. Сайма кийиз, тери, баркыт, жүндөн жана пахтадан кездемелердин беттерине пахта, жибек жана жүндөн жиптерден көркөмдөлүп сайылат. Сайма саюунун техникасы ар түрдүү, негизинен ийненин жардамы менен ишке ашырылат. Кылымдар бою сайма саюу өнөрүндө өзүнүн системасы, түстөрдүн тандалуусу боюнча түрдүү принциптер иштелип чыгып, сайманын өзгөчө улуттук стили пайда болгон.*

***Сайма*** (кеште) – кандайдыр бир заттын (нерсенин) сөлөкөтүнө окшош, уйкаш элементтерин (көчөттөрүн) кездеменин, теринин, кийиздин, таардын жана башкалардын бетине ырааттуулук менен кайталанган кооздук[1].

***Саймачылык*** – элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Эл ичиндеги кездешүүчү кооз буюмдарындагы формасы ар кандай, мазмуну терең сайма көчөттөрү бүгүн күндө да көөнөрбөй, чеберлердин чыныгы талантуулугун даңазалап көрсөтөтүп турат. «Энени көрүп, кыз өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт» деп таамай айтылып, кыз бала тестиер чагынан тартып жалаң сайма саюу менен алектене баштаган. Бул өнөр тоолуу аймакта жашаган калкыбыздын турмушунун элестүү белгилеринин бири. Элдик колдонмо-жасалга өнөрүндө негизги орунду ээлеген саймачылыктын өнүгүшүнүн өтө мерчемдүүсү өткөн кылымдарга таандык десек болот. Он тогузунчу кылымдын экинчи жарымынан жыйырманчы кылымдын орто ченине чейин өнүгүүнүн туу чокусуна жеткен десек жаңылышпайбыз. Элдик өнөрдүн башка көркөм түрлөрүндөй эле саймачылык да элибиздин көчмөндүү турмуш-тиричилигин, кесибин чагылдырат. Саймачылык – кыргыз элинин узак кылымдык жолунда өз тажрыйбасы аркылуу акырындык менен чогултулуп, бир нукка түшкөн нукура өнөрүбүз. Ошол сайманын үлгүсүнө канча бир уздардын көз нуру, көкүрөк мээри, акыл табы сиңгени байкалат. Ал эми ***саймачы деп*** – жердикке көчөттөрдү (кештени) түшүрүүчү узду айтышкан [2].

Саймачылыктын элдик санжыралуу салты боз үйдүн ичи-сыртын кооздоодо жаралганы чындык. Алар кийиз оюму, чий чырмагы, өрмөктүн түрлөрү, килем көчөттөрү, тор чачыктары менен кошо боз үйгө улуттук өзгөчөлүктү тартуулап турганын көрүүгө болот. Бул өнөр аркылуу боз үйдүн «эшик тышы» кооздолгон. «Ашкана башын» саймалоо элибизде адатка айланган, ага мисал чоң энемдин жасаган ашканасынын башын сайма менен кооздогонун көрүүгө болот. Жүк жыюуда тактанын үстүндө «алтыгат» коюп, андан өңдөштүрүп жууркандар кертимделип жыйылган. Ал «жаздыктын» чети, ортосу саймаланган. Айрым аймакта боз үйдүн «жабык башы» кездемеден да болот. Бир кездерде боз үйдүн керегесине жалаң кийиз тартылган. Андыктан үй ичи жылуу, ары таза турган. Ушул жерден кийиз бети аста-секин кооздоо жышааны башталган [3]. Жүндөн анан кебезден ийрилген жипке дүйүм өсүмдүктөрдүн тамыры менен жалбырагынан колго жасалган боёкторду сиңирип, алгач ак кийиз бетин саймалоо өңдүү жупуну аракеттери башталганын көрүүгө болот. Сайма өнөрү ободу ушул туш кийиз бетинен түшүрүлгөн. Андан кийин уздар жалаң кийизге эле эмес соккон таардын, ийлеп өңдөлгөн теринин (жаргак) беттерин да саймалашкан, ушуга Сулайман-Тоо Улуттук тарыхый аргеологиялык музей комплекисинде сакталып турган бир кылымдык сайма далил боло алат. Сайманы териге түшүрүү чоң эмгек, аны менен биздин уз апаларыбыз көкүрөк көзү ойгоо, табият менен шайкеш жашаганын көрө алабыз. Боз үйдүн керегесине кыдырата илинип, саймасы аркылуу кооздукка кооздук жалгаган: «күзгү кап, «кайчы кап», «самын кап» жана ушул өңдүү буюмдардын жасалгалары кийизден, териден, таардан болгон. Күнүмдүк жашоодо колдонулуучу кээ бир буюмдар «көшөгө», “жууркан”, “баштык” жана кийимдер: «кеп такыя», «дүрүя жоолук», «белдемчи», «кемсел», «элечек» түрдүү саймалар менен кооздолгон. Кыргыздар Орто Азиянын боордош элдери менен тыгыз байланышта өнүккөнү, алардын таасири менен фабриканын жиби менен элдик көчөттөрдү көркөмдөп түшүрүү менен толукталган. Саймачылык өнөрүн иштетүүнүн баалуу жердиги баркут, нооту, манат өңдүү бышык кездемелерге алмашкан.

Өлкөдө совет бийлиги орноп, калкыбыз отурукташа баштагандан улам саймачылык өнөрүнө өзгөрүүлөр кирген. Ошол мезгил болгар саймасына басым жасалып, орус, украин, белорус элдеринин сайма ыргактарынын мыкты үлгүлөрүнөн алышканы байкалат. Өзүбүздүн жашоо тиричилигибизди символ аркылуу түшүндүргөн кыргыз саймаларынын табиятына ал такыр коошпойт. Биз айтып олтурган «болгар саймасын» ала турган болсок анын өнүп-өскөн кыртышы Европа элдерине таандык көрүнүш. Жалпы эле ошол региондо жаралган жана жашаган элдердин мейли архитектурасын, мейли жасалга өнөрлөрүн албайлы, аларда «крест ыкмасы», архитектурасында готикалык стиль өкүм сүрөт.

Элдик саймачылыктын дагы бир касиети алардын түстөр менен чебер иштеши. Кызыл, көк, жашыл жана башка түстөр өз ара чеберчиликте айкалышып, буюмдардын ажарын ачып турат. Мында биринин өңүн экинчиси басып кеткен түстөр эч качан жанаша колдонулбайт. Дагы бир өзгөчөлүк буюмдун көлөмүн сезе билүү. Жасалып жаткан буюмдун жалпы аянты

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



менен сайма көчөттөрүнүн көлөмүнүн ич ара катышы туура чечилет. Буюмдун көлөмү менен ага түшкөн көркөм көчөттөрдүн өзүнчө мыйзамченемдүү байланышы бар. Сайманын көркөм каражаты көчөт деп аталат. Сайма аркылуу түшкөн көркөм көчөттөрдө өзүбүз жашаган аймактын жакшынакай элестерин көрүүгө болот. Муну уздар өзүнүн көркөмдүк табитине, чеберчилик дараметине жараша түрдөн-түр, кооздуктан кооздук түшүрө алышат. Сайма көчөттөрүндө кийиз оюмдун, чий чырмакчылыктын, өрмөк согуунун жана килем токуунун кооздук түрлөрүнүн ич ара кереметтүү айкалыштары ширелишип кетет. Мында үлгүсү эскирген саймаларга түшкөн көчөттөр кайта табылгыстай сезилет.

Көчөт – бири-бирине окшошпогон эки-үч элементтин айкалышынан турган түрдүн, сөлөкөттүн, көркөмдүктүн жердикке ирети менен алмашылып берилиши. Ушул көчөт сөзү (сайманын синоними) Баткен аймагында жана Чоң-Алай районунда кездешет. Көчөт бир канча буюмдардын: килемчиликтин, саймачылыктын, өрмөкчүлүктүн, чырмакчылыктын негизин түзөт. Көчөт көчүрүү алмак- салмак орун алмаштырууну түшүндүрөт. Мыкты саймачылар, өрмөкчүлөр, килемчилер, чырмакчылар мунун ички сырларын өзгөчө чечмелей алышат. Көркөм көчөттөрдөн жаратылыш жана айбанаттар дүйнөсүн көрүүгө болот [4].

Сайма көчөтү – саймачылыктын негизги кооздук каражаты. Бул буюм бетине «орнамент» (түр-оюм) түшүрүү дегенди түшүндүрөт. Көчөт – оюм-чиймени ирээти менен алмаштырып, жердик бетине түшүрүү дегендик.

Саймачылар тигил – бул сайма ыкмасы аркылуу буюмга мындай көчөттөрдү түшүрүүдө баш-аламандыкка чалдыктырбай, сөзсүз шарттуулук жана ырааттуулук жол-жобосун сакташат. Мында да боёк, (өң, түс) бирден-бирмааниге ээ болот. Негизги элдик сайма көчөттөрүнө: «мүйүз», «айчык», «бадам», «тырмак», «гүл» өңдүүлөр кирет да, Түштүк-Түндүк Кыргызстандын журтчулугун бирдей аралаган. «Добу талаа», «такыя дөбө», «тогуз дөбө», «көөкөр» көчөттөрү ушул сыяктуу түрлөрүнөн башка айбанаттар менен өсүмдүктөрдүн шарттуу сөлөкөттөрү да оюм-хийимдерден сезилип турат. Түштүк Кыргызстандын уздары саймачылыктын салттуу түрлөрүн ойдогудай улантып келе жатышат. Ал сайма көчөттөргө: «тал барки» (талдын жалбырагы), “ит таман” таман» (төрт бөлүктөн турат, мунун ар биринин үчтөн элементи бар. Мындай элемент «карга тырмакты» да элестетет), «бадам» - анын жарымы “калемпир” көчөт болуп көрүнөт. Айрым уздардын айтымында, «бадам көчөтү» эң мурда пайда болгон.

«Тогуз дөбө» – сайма көчөттөрүнүн канышасы экенин жана “дуруя жоолук” жасоодо кенири колдонулганын изилдөөлөрүбүздөн кезиктирдик. Тоолуу аймакта жашаган жашоочулар табияттын кооздугун чагылдырганга аракет кылышкан. Дүрүя жоолуктун бир чети жыш саймаланат. Ал жерде “карга тырмак” “тогуз дөбө” көчөтүнүн чоңу жана кичинесин көп колдонгонун байкоого болот. Саймасы “көптүрмө сайма” менен сайылат. Сайманын ал түрүн өнөр ээлеринен үйрөнүп, ошол ыкмада бир канча “дүрүя жоолуктарды” жасап көрдүк [5]. Аларды жаш муундарга да үйрөтүү жолу жолго коюлду. Аялдардын баш кийимдеринин бири, эң барктуусу болгон кеп такыя да жалаң сайма менен кооздолуучу кийимдердин катарын толуктайт. Анын негизи басма жана терс кайык саймаларынан даярдалат. Ачык жери көрүнбөй жыш сайма менен кооздолгондугуна байланыштуу баалуу эмгектердин катарын толуктайт. Аялзатына таандык чапандык четтери, кыргактары, өнүрлөрү дагы бир топ кийимдерин көркөм көчөттөр менен кооздоолуп, сулуулугуна сулуулук кошуп турат.

Сайманын бир канча түрлөрүн атап өтсөк болот, алар:

**1.** ***Басма сайма.*** Буюмду жасаганда ичи толтурулуп, жылма, текши сайылып түшөт.

**2.** ***Жөрмөмө сайма.*** Турмушта бул сайма көп кездешет. Аты айтып тургандай бирден илинип сызык менен жөрмөлүп сайылат.

**3.** ***Чыраш сайма.*** Жыш чыраш деп да аталат. Бул сайма менен биздин ыйык деп эсептеген баш кийим ак калпактын четтери бекитилет.

**4.** ***Илме дос сайма.*** Бул көбүнчө жөрмөмө сыяктуу эле сүрөттөрдүн четтери алынып сайылат. Ичин толтурам десе толугу менен илме дос саймасы менен толтуруп кете берүүгө болот.

**5.** ***Секиртме сайма.*** Кийиздин ортосунан жорголотуп, бирин алып, экинчисин албай кетет. Бул көбүнчө кийиздин бетиндеги сайма сайылып бүткөндөн кийинки жардамчы сайма, декоративдүү сайма десек болот.

**6.** ***Аратиш саймасы*** көбүнчө эки буюмду, кийиздерди бириктирүүдө колдонулат. Бычак учу деп да аташат.

**7.** ***Тордомо сайма.*** Бул буюм бүткөндөн кийин четтерин бириктире турган сайма [6].

**8.** ***Терс кайык сайма.*** Ийне сайманын бир түрү. Сайманын бул түрү жердиктин артынан сайылып, көчөт жердиктин бетине түшкөнү менен өзгөчө. Сайма көркөм көчөттөрү жердикке өтө майда түшүрүлөт. Түшкөн жиптин көзгө илээшпей өтө майдалана берилиши аркылуу сайымды бири-бирине улантып (конфигурацияланып) сайып кетүүгө тийиш. Анын ички бети үч кошкон сыяктанат (кайчылашкан кошуу сызыктарын) кыргыздар «үч кошкон» деп айтышкан). Бул сайманын жердиги болуп Тажикистандын Мургаб районундагы (Сары-Колдук) этникалык кыргыздар эсептелип, алар бүгүнкү күндө да колдонушат. Ош шаарынын тургуну Карашова Калия апа Сары-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Колдук кыз-келиндер менен биргеликте терс кайык саймасын жандандырып ЮНЕСКОнун сапат белгисин алууга жетишкен.

**9. *Көптүрмө сайма.*** Ийне сайманын бир түрү. Калган саймалардан айырмаланып, кездеменин бодобу, кийиздин арткы бетине жеткирбей берки бетине эле көптүрүп аркы терки сайып, ийнени тегеретип кете берет. Көптүрмө саймага түшкөн көчөттүн көрүнүшү чийге, килем бетине жана өрмөккө берилгендей «сындырылып» кетет. Ошондо жердиктин эки бетине сайма бирдей түшөт. Аны кыргыздар «эки жүздүү сайма» деп аташкан. Азыркы күндө "дүрүя жоолукту" ушул сайма аркылуу үйрөтүп жатабыз.

Сайма саюуда аймактар ортосунда да айырмачылык кездешет. Түндүк аймагында керме сайма көп кезиксе түштүк аймагында ийне менен сайылган эмгектерди көрүүгө болот. Элдик **сайманын** бир түрү болгон керме сайманы түндүктө көп колдонушат. Анын аспабы - жыгач **керме** жана илме **шибеге**. Мында уздун колунда илме шибеге кергичтин алдынан сол колун алып, жибек жип шибегеге илинет да, кездемеден жип өтөт. Азыркы убакта кеңири колдонулуп жаткан илме сайма машинасы (тамборный шов) деп аталат. Ал тигүү машинасына окшошуп, тигиш кездеменин сыртына калкып, түшкөн сайманын өзү кадимки шибеге саймадай болот.

**Күзгү кап** – бул кыз-келиндердин өздүк буюмдары салынуучу баштык. Ага: атыр, күзгү, самын, шуру, эндик өңдүүлөрдү салышкан. Көлөмү ар кандай болгон. Күзгү каптын капкагы, этеги «тор чачык» жана «топ чачык» менен чачыланат. «Кылыч байлоо» менен коздолот. Үстүнкү кулакчаны аркылуу кереге башына илинет, бетине сайма көчөттөрү түшкөн күзгү кап илгери кийизден, таардан, териден жана калың кездемеден да жасалган. Күзгү кап илгери таш күзгүгө чакталып, сүйрүрөөк жасалган. Ал эми кийинки күзгү каптар аяк каптан анча айырмаланбай калган [7]. Айрым саймачылар көркөм көчөттөр үчүн бай каражатты өзү жашаган чөйрөдөн алышат. Жаратылышы кооз жайлоолор, чытырман чыккан арчалар, шуулдап бой тиреген карагайлар, дүйүм гүлдөруздарга элес берет. Ушул багытта кээбир эмгектерге токтолуп өтөбүз. Туш кийиз, туштук, туш туурдук (түштүк аймагында көшөгө деп да айтылат) – боз үйдүн керегесине, там үйдүн дубалына тартуу үчүн саймаланган коздук буюм. Туш кийиздин узундугу 2,5-3 метрдей, туурасы 1,5-2 метрдей, четинин эни 40-50 сантиметрдей болот. Адегенде туш кийизден жана кийизге оюу-чийүү, көчөт түшүрүп жасалган, чети кундуз менен көбөлөнгөн. Туштук үйдүн жылуулугу үчүн тушка тартылган. Баш жагына шуру, бермет, акак таштар бастырылган. Кийин тукаба, парча сыяктуу кездемеден жасала баштаган [8].

**Көшөгө.** Көшөгөң көгөрсүн деп аялзатын айтылганы бекер эмес, ал жашоодо бактылуу бол, өнүп өскүн деп бата бергени улуулардын. Кызынын себине ар бир апа жөндөмүнө жараша көшөгө жасап беришкен. Ага кызы кичинекейинен тартып кам көрө башташкан. Эне болгон мээримин, аруу тилектерин билдирип көркөм көчөттөрдү салып дыкаттык менен жасаган. Балачагыбызда ушул каада-салтка күбө болдук, айылдагы апалар бири-биринен көчөт алышып даярдашкан, азыр бул жосун басаңдап кеткен. Анын ордун даяр, бат жасалаган базар көшөгөсү басып кетти.

Сайманын эң негизги куралы – бул анын жиби. Жиптер түрдүү жолдор менен жасалып же Жибек – Жолу аркылуу алынып келинген. Элдик ыкмада "пила (пула)" куртун өндүрүп ошонон жибек жипти даярдаган мезгил болгонун Камбарова Буайша апабыз айтып берген эле. Буайша апа Алымбек датканын урпактарынан болгону менен Ош шаарынын Мады айылына турмушка чыгып, жашоо таризин баяндоодо, "пила" куртун кантип багышканын төмөндөгүдөй баяндаган. Кайын журтум менен кошо жашаймкайын ата кайын энем жакшы кишилер болчу. Өкмөттөн жылына пила бөлүштүрүлүп берилчү, биринчи келгенде курттар кийинекей болуп күкүрттүн идишине салынып берилчү, аны жылуулап атайын бир бөлмө даярдап ошол жерге коюп бага баштачубуз, анын жеген тамагы тыттын жалбырагы болот. Күн өткөн сайын курттар чоңоюп орундарды катар катар текче кылып ошолорго бөлчүбүз, ага сааты менен жалбырак салып бала сыяктуу эле маани берип карачубуз, анткени түшүмү жакшы болсо сыйлык алчубуз. Оштогу жибек комбинатына алып барып тапшырчубуз, коюлган план да бар болчу. Кайын атам экөөбүз жакшы карап, планды ашыгы менен тапшырып сыйлык алчубуз деп апабыз узун кеп кылып берген эле. Дагы бир каарманыбыз Чоң- Алай районунун тургуну уз Айсалкын апа салттуу билимдерибизге тереӊ токтолуп, анын ичинде ушул "пиланы" кантип даярдоо боюнча пайдалуу маалыматтары менен бөлүшкөн эле. Улуу мурастарды сактап жүргөн апаларыбыз аман болсун [9].

Белгилүү инсандардын чыгармачылыгында өнөрлөр жөнүндө кездешет. Токтогул Сатылганов өз ырларында «Саркечтеп сайган жоолугуң, Сары санаа кылат жоругуң, Көк кечтеп сайган жоолугуң, Көп санаа кылат жоругуң» деп ырдаган. Саркечтеп - сары кештелеп, көк кечтеп - көк кештелеп деген сөз. Анын көркөм көчөттөрүнө өсүмдүктөр, бак-дарактар, алардын жалбырактары, бутактары, сабактары гүлдөрү, чөптөрү, суулары, айбанаттары мына ушулар ич ара айкалышып, мындан биз эстетикалык ырахат алуу менен өзүбүздүн киндик кан тамган жерибизди түбөлүктүү сүйүү сезимибиз көрүнүп турат. Көркөм көчөт аркылуу элибиздин үрп-адатын, пейилин, дилин, жана сезими көрүнүп турат. Көрүүчүлөргө кызгалдактай жалындап тургандай туюлат. Саймачылыктын да адамзат менен тагдырлаш узак өмүр жолу бар. Анын өздүк тажрыйбасы аркылуу акырындык менен түзүп,

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



чогултуп, сарамжалдап алган тактыгы жана тазалыгы билинет. Ошол көркөм буюмдун үлгүсүнө канча бир чеберлердин көз нуру, көкүрөк мээри, акыл табы сиңирилип, жасалга колдонмо өнөрүнүн кайталангыс салттуулугу жаралган. Бүгүн ушундай өнөрдүн элдик түрүн сактап калуу, анын унутулганын кайра калыбына келтирүү, жагымдуу жактарын талаптагыдай жандандыруу милдеттери турат. Бир топ изилдөөлөрдү басып өткөндөн кийинки мен ынанып, таң калган нерсе өнөрлүү апаларыбыз тубаса азыркы тил менен айтканда "дизайнер" болгон экен, эч кандай билим албай эле нукура таланттары менен шедевр буюмдарды, кийимдерди жаратканы, бүгүнкү күндө биз алар жеткен чекке (улуулукка) жете алсак анда улуу жетишкендигибиз болот. Сайма кылымдан кылым карытып келе жатканы урпактан урпакка калтырылып келе жаткан мурас. Ушул мурасты жандандырып кереметтүү, өнөр баккан элибизди улуу элдин кыйырына тааныткан инсандарыбыз бар. Алардын бири Ош шаарында жайгашкан "Саймалуу-Таш арт галлериясын" негиздеген Мырзаев Арстан болгон. Ал киши унутта калган сайманын түрлөрүн алып чыгуу менен бирге чет өлкөлөргө өчпөс өнөрдү тааныта алды. Саймалуу-Таш арт галлериясы бүгүнкү күндө туристердин жана жергиликтүү элдин руханий борборуна айланган. Элибизде өнөрлүү өлбөйт деп айтылат экен, эчен кылым өтсө да алар жасаган эмгек мурас катары кала берет.

Биздин түштүк аймагын кыдыргандагы изилдөөлөрдүн жана экспонаттарды жыйноонун негизинде "Сары – Могол этнографиялык музейи" ачылып, негизинен ал жерге жергиликтүү элдердин экпонаттары коюлган. Музей Жибек-Жолунун кесилишкен жеринде жайгашкандыктан, ал жерге чет өлкөдөн көптөгөн туристтер келишет, алар үчүн бул экспонаттар абдан кызыктуу, алардын жасалуу тарыхын жана жасоо ыкмаларына жогору баа беришет. Ал жерде дагы да терең маалымат берүү үчүн салттуу билимдер боюнча мастер класстар жасалып көрсөтүлөт.

***Жыйынтык***. Бул изилдөөлөрдүн натыйжасында XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап XX кылымдын биринчи жарымына чейин материалдык эмес маданий мурастардын өнүгүүнүн бийик даражасына жеткени аныкталды. *Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирген кыргыз эли көөнөргүс кол өнөрчүлүктүн башаты болгондугу, колдо жасалган буюмдарды жасоодогу кылымдар бою колдонулуп келген ыкмалар кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн мыкты деңгээлде өнүккөндүгү терең изилденди.* Кыргыз эли көчмөн турмушта жашагандыктан жаратылыш менен тыгыз байланышта болуп, кол өнөрчүлүгү мал чарбачылыгын кеңири пайдалануу менен күнүмдүк жашоосундагы буюмдарды, кийимдерди чеберчилик менен жасагандыгы тастыкталды.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү: колдонмо. – Бишкек, 1996. 174 -175-бб.
2. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү: колдонмо. – Бишкек, 1996. 205-б.
3. Ташкулова Ш.Б. Кыргыз элинин улуулугун даңазалаган мурастар. Наука. Образование. Техника. 2022. №2. 135-б.
4. Википедия. Саймачылык // [электрондук ресурс] https:// ky. wikipedia.org/wiki/
5. Ташкулова Ш.Б., Термечикова Б.К. Путешествие по наследиям сохранившимся на Мургабской земле (философский анализ). / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 7. С. 226-230.
6. Кутуева Г. Сайма өнөрүнүн саяпкери. "Кыргыз Туусу". - Бишкек, 2011.
7. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных кыргызов. - Фрунзе,1962. - 253-254-бб.
8. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных кыргызов. – Фрунзе, 1962. - 259-б.
9. Автордун талаа изилдөө материалдары. - Ош облусу, 2018.